# Улуттук банктын ноталары
*(2013-жылдын 1-чейреги)*

**1-график. Улуттук банктын ноталарына суроо-талап жана аларды жайгаштыруу**




2013-жылдын биринчи чейрегинде Улуттук банктын ноталарынын 12 аукциону өткөрүлгөн, анда жарыяланган эмиссиянын жалпы көлөмү 11,1 млрд. сомду түзгөн, бул 2012-жылдын ушул эле көрсөткүчүнөн 25,4 пайызга жогору.

Отчеттук мезгил ичинде суроо-талаптын орточо аукциондук[1] көлөмү 1,1 млрд. сомду түзүү менен 18,8 пайызга көбөйгөн. 1-чейректе бүтүндөй сатуу көлөмү жүгүртүү мөөнөтү 28 күндүк ноталар менен гана берилген, алардын көпчүлүк бөлүгү сатуу түзүмүндө жалпы 94,0 пайыз үлүшкө ээ үч коммерциялык банк тарабынан сатылып алынган. 1-чейректе сатуунун орточо аукциондук көлөмү 2012-жылдын 1-чейрегинин көрсөткүчүнө салыштырмалуу 35,4 пайызга жогорулоо менен 871,1 млн. сомду түзгөн.

Инфляциянын монетардык түзүмүн төмөндөтүү үчүн ашыкча ликвиддүүлүктү алып салуу максатында, кароого алынып жаткан мезгил ичинде ноталарга суроо-талап көлөмүнөн сунуш көлөмүнүн кыйла артышы сакталган. Суроо-талап 1,5 млрд. сом өлчөмүндө максималдык белгиге март айында жеткен.

Улуттук банктын ноталарынын орточо алынган жалпы кирешелүүлүгү 1-чейрек ичинде 2012-жылдын ушул эле мезгилине салыштырмалуу 6,4 пайыздык пунктка төмөндөгөн жана 3,0 пайызды түзгөн.

**2-график. Улуттук банктын ноталары боюнча суроо-талаптын, сатуунун жана кирешелүүктүн динамикасы**




[1] Бул көрсөткүч ай ичинде суроо-талап/сунуштун жалпы көлөмүнүн ордуна пайдаланылат, анткени ай ичинде өткөрүлгөн аукциондордун саны туруксуз чоңдук болуп саналат.

2013-жылдын биринчи чейрегинин акырына карата жүгүртүүдөгү ноталардын көлөмү жыл башынан бери 3,7 млрд. сом деңгээлинде түптөлүү менен 20,4 пайызга жогорулаган. Отчеттук мезгилдин акырына Улуттук банктын ноталарына негизги ээлик кылуучулардан болуп саналган коммерциялык банктардын үлүшү резидент – юридикалык жактардын портфелинин 0,4 пайыздан 45,0 пайызга чейин бир убакта олуттуу көбөйүүсүнүн алкагында, жыл башындагы көрсөткүчкө салыштырмалуу 43,6 пайыздык пунктка, 55,0 пайызга чейин төмөндөгөн.

Институционалдык инвесторлордун үлүшү 1,0 пайыздан 0,0 пайызга чейин төмөндөгөн. Ал эми резидент – жеке адамдардын үлүшү бир азды гана түзгөн.

**3-график. Улуттук банктын ноталары боюнча сунуунун динамикасы**




**1-таблица. Улуттук банктын ноталарынын аларга ээлик кылуучулар боюнча түзүмү**

*млн.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Резидент юридик. жактар | | Резидент жеке адамдар | | Институт. инвестор | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.02.2012 | 2,209.5 | 1,666.1 | 75.4% | 88.0 | 4.0% | 10.3 | 0.5% | 445.1 | 20.1% |
| 01.03.2012 | 2,313.0 | 1,527.6 | 66.0% | 162.9 | 7.0% | 1.1 | 0.0% | 621.5 | 26.9% |
| 01.04.2012 | 2,113.8 | 1,507.0 | 71.3% | 237.3 | 11.2% | 2.4 | 0.1% | 367.1 | 17.4% |
| 01.05.2012 | 2,072.4 | 1,424.6 | 68.7% | 224.5 | 10.8% | 2.3 | 0.1% | 421.0 | 20.3% |
| 01.06.2012 | 2,196.2 | 1,471.2 | 67.0% | 129.2 | 5.9% | 4.8 | 0.2% | 591.0 | 26.9% |
| 01.07.2012 | 2,063.9 | 1,477.8 | 71.6% | 341.7 | 16.6% | - | 0.0% | 244.3 | 11.8% |
| 01.08.2012 | 1,950.0 | 1,646.8 | 84.5% | 171.5 | 8.8% | 2.0 | 0.1% | 129.7 | 6.7% |
| 01.09.2012 | 1,494.4 | 780.3 | 52.2% | 588.9 | 39.4% | 2.0 | 0.1% | 123.2 | 8.2% |
| 01.10.2012 | 1,775.4 | 1,492.2 | 84.0% | 218.4 | 12.3% | 2.0 | 0.1% | 62.8 | 3.5% |
| 01.11.2012 | 1,900.0 | 1,689.7 | 88.9% | 146.1 | 7.7% | 1.3 | 0.1% | 62.9 | 3.3% |
| 01.12.2012 | 1,900.0 | 1,640.0 | 86.3% | 139.0 | 7.3% | - | 0.0% | 121.0 | 6.4% |
| 01.01.2013 | 3,050.0 | 3,006.4 | 98.6% | 13.5 | 0.4% | - | 0.0% | 30.1 | 1.0% |
| 01.02.2013 | 3,379.5 | 3,316.9 | 98.1% | 40.6 | 1.2% | - | 0.0% | 22.0 | 0.7% |
| 01.03.2013 | 3,600.0 | 2,562.7 | 71.2% | 1,036.0 | 28.8% | 1.3 | 0.0% | - | 0.0% |
| 01.04.2013 | 3,673.1 | 2,019.8 | 55.0% | 1,653.3 | 45.0% | - | 0.0% | - | 0.0% |